## Билим берүүнүн жана тарбиялоонун сапатын камсыздоо үчүн:

- Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык баштапкы жана орточо билим алуусун камсыз кылуу;
- билим берүүгө жана тарбиялоого мамиле түзүү;
- сабак учурунда жана сабактан сырткаркы учурда маалыматтык- коммуникативдик технологияларды пайдалануу;
- Окуучулардын СТ жана ЖРТ боюнча тестке даярдоо иштерин жүргүзүү;

- Окуучулардын социалдык -педагогикалык мамилесине жана физикалык психологиялык жактан ден- соолугуна кам көрүү;

- Окуучуларды ички дүйнөсүн коомчулуктагы терс көрүнүштөргө каршы турушуна жана этникалык баалуулуктарын сактап калууга калыптандыруу;

- Учурдун талабына ылайык окуу процессин материалдык техникалар менен жабдууну уюштуруу.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде окутууга эрте жаш курагындагы балдардын психологиялык-педагогикалык даярдыгынын денгээлин жогорулатуу жана аларды социалдык жактан адаптациялоо үчүн мектепке чейинки даярдоо боюнча иштер аткарылат. Ал үчүн 480 сааттык «Наристе» программасы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлиги бекиткен тартипте башталгыч класстын мугалими атайын окуудан өтүп келген адис тарабынан ишке ашырылып жатат. Ал эми 1- класска ата -энелердин каалоосу боюнча 6 жаштан баштап кабыл алынат . 1- класста 5 күндүк окутуу жүргүзүлөт . Айылдагы жалгыз мектеп болгондугуна байланыштуу балдардын баарын окууга тартуу мектепке жүктөлгөн.

Усуп Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектеби Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик стандартына ылайык ишин жөнгө салууну төмөнкүчө бекитилген :

- ✓ Окуу план
- ✓ Окуу программасы
- ✓ Календарлык план
- ✓ Сабактын планы
- ✓ Метод бирикмелердин планы
- ✓ Тарбиялоонун планы
- ✓ Соц.педагогтун планы

менен иш алып баруудa.

**1.6** Билим берүүнүн сапатын камсыздоодо мектеп ичинде 2017-жылдын 24-августундагы №6 буйругунун негизинде төмөндөгүдөй жоопту комиссиялар түзүлгөн:

Карымшаков Майрамбек - мектеп директору

Султанбаева Айзада –окуу –тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Батырканова Аниса-класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу

Мурзакматова Назира-гуманитардык илимдер бирикмесинин жетекчиси

Шаршебаева Элнура -так илимдер бирикмесинин жетекчиси

Анапияева Самара –башталгыч класстар бирикмесинин жетекчиси

## 1.7 Усуп Мурзакматов атындагы орто мектебинин педагогикалык нормалары 2017-жылдын 25-августундагы №1 педагогикалык кенешмесинде кабыл алынды

1. Кызматкерлер арасында өз ара мамилелер жамаатташтык, шериктештик жана бирин-бири сыйлоо принциптерине негизделет. Кызматкер өзүнүн гана кадыр-баркын сактабастан, кесиптештердин да кадыр-баркын сактайт. Ал окуучулардын же башка адамдардын көзүнчө кесиптештерин кемсинтпейт.
2. Мектептин кызматкери жагымдуу жумушчу жагдайын колдоо үчүн кесиптештеринин артынан түшпөйт, аларга асылбайт жана ар бир адамга карата дискриминация боюнча мыйзам тыюу салган нерселерди кылбайт.
3. Кызматкер өз кесиптештеринин диний көз караштарына чыдамкайлык менен мамиле кылат, ал эми диний көз караштарын жайылтуу аракетин жасабайт.
4. Кызматкерлер өз ара мамилелерде негизсиз жана ызы-чуулу чыр-чатактардан алыс болушат. Эгерде мамиле келишпестиктер пайда болсо, аларды конструктивдүү чечүүгө умтулушат.
5. Мектеп кызматкерлери жалпы ишти аткаруудагы шериктештикке тоскоолдук кылган атаандаштыктан алыс болушат. Кызматкерлерди бири-бирин колдоо көрсөтүү, жардам берүү, ачыктык жана ишеним бириктирет.
6. Кызматкердин укугу жана милдети болуп кесиптештердин жана администрациянын ишмердигин баалоо эсептелинет. Кызматкерди сын пикири үчүн куугунтуктоого катуу тыюу салынат. Сын пикир, эң оболу, мектепте, мектептен тышкары эмес, кызматкерлер арасында айтылышы керек. Сын пикирди ачык, адамдардын көзүнчө айтуу маанилүү, мектепте ушак-айың кепке орун жок. Ишти сындоо болот, ал эми адамды сындабаш керек!
7. Эгерде сын пикир такыр кабыл алынбаса, администрация тарабынан куугунтукка алынса же кылмыш ишмердик аныкталса, ошондо гана аны бүт элге жарыяласа болот.8.Кызматкерлер бири-биринин каталарын же туура эмес кылган иштерин жашырып-жаппайт.

**Биздин мектептин кызматкери катары дайыма:**

- Өз окуучуларын сыйлайт;
- Окуучуларды окуутунун жаңы жана натыйжалуу ыкмаларын табуу үчүн өз кесиптик көндүмдөрүн өнүктүрөт;
- Улутуна, жынысына, материалдык абалына карабай окуучулардын бардыгына бирдей мамиле кылып окутат;
- Окуучулардын физикалык, эмоционалдык, интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө көмөктөшөт;
- Балдар өз потенциалын толук кандуу ишке ашыра алышы үчүн, окуучулардын ар түрдүүкеректөөлөрүн эске алып, окуу программасын аларга ыңгайлаштырат;
- Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана окуу программасы менен байланышкан окутуу максаттары так коюлган сабактарды өткөрөт;
- Класста кызыктуу жана позитивдүү окутуу чөйрөсүн түзөт;
- Окуучулардын жумуштарын объективдүү, чынчыл жана ачык баалайт;
- Окуучуларды маанилүү социалдык маселелерге сын көз караш менен маани берүүгө мотивациялайт;
- Ата-энелерди балдардын тарбиялануусу жана окуп-үйрөнүүсү тууралуу маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине тартат жана алардын купуялуулук укугун сыйлайт;

- Өз кесиптик кызыкчылыктарын жүрүм-турумдун адеп ченемдерине туруктуу жана жоопкерчиликтүү мамиле кылуу аркылуу сактайт;
- Кесиптештерин сыйлайт, жамаат менен тыгыз кызматташтык жана өз ара аракеттенүү аркылуу окуучуларды сапаттуу окутууга көмөктөшөт;
- Насаатчылыкка активдүү катышат жана мугалимдердин кесиптик көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн, өзгөчө жаш мугалимдердин жаңы башталган ишмердигин колдойт;
- Эгерде кесиптештердин бирөө бул Адеп кодексинин жоболорун бузса, өз оюн ачык айтат.

Жыйынтык: **Башкаруунун эффективдүүлүгү жана билим берүүнү камсыздоо боюнча билим берүү уюмунун күчтүү жана алсыз жактары .**

**Күчтүү жактары :**

- Билим берүү уюмунун Уставынын бекитилиши. Мектепте билим сапатынын мониторингинин чейрек сайын чыгарылышы.
- КРнын билим берүү стандартына ылыйык окуу планы жана мектептин миссиясынын иштелип чыгышы ..
- . Окуучулардын билим сапаты боюнча мониторингтин көрсөткүчтөрүнүн өсүшү .
- Сабактарда окутуунун жана баалоонун жаңы технологияларынын колдонулушу. Окуу программасынын базистик планга дал келиши.
- Мектеп ата- энелер менен тыгыз байланышта болушу .
- Мектеп 5 жылдык өнүгүү планы менен иштеп жаткандыктан.
- Билим берүү саясатынын ачык айкындылугу.
- Окуучулардын жана мугалимдердин физикалык жана психикалык жактан ден соолугуна кам көрүнүшү.
- Мугалимдер компетенттүүлүктү колдонуп календарлык план түзүү менен сабактардын күнүмдүк пландарынын жазылышы.
- Окуучулар мугалимдер жана социалдык өнөктөштөр тарабынан этикалык нормасы.

**Алсыз жактары :**

- Камкорчулук кеңешинин түзүлбөгөндүгү .
- Окуучулардын окууга кызыгуусунун начарлашы .
- Ата- энеси мигрант болуп балдарын ата- энесине тууугандарына таштап кетиши.
- Кээ бир ата-энелердин мектеп менен байланышынын начарлашы.
- Демөөрчүлөрдүн аздыгы .
- Жаш мугалимдерге жергилүктүү бийликтин колдоо көрсөтүүсүнүн жоктугу .
- Атайын жабдылган лабораториялык буюмдардын аздыгы.

**2.Билим берүү программаларынын иштелип чыгышы,бекитилиши жана мониторинг жүргүзүлүшү жана мезгили менен баалоого минималдуу талаптар**

**.2.1** Кыргыз Республикасынын мектептеги жалпы билим берүүсүнүн мамлекеттик жалпы билим берүү стандарттарын бекитүү жөнүндөгү 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 23-августундагы №1110/1 буйругунун негизинде 2017-2018 окуу жылына карата базистик окуу планынын негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү Академиясы тарабынан түзүлүп, талкууланып бекитилген сабактардын окуу программаларынын негизиндеУ.Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинде окуучуларды окутуу процесси аткарылып келүүдө. Окуу программасын 1-класстан 11-класстарга чейин окутулган сабактар боюнча окуу программаларынын аткарылышы боюнча, чейректик жана жылдык отчеттор жасалып мониторинг жүргүзүлүп Райондук Билим берүү бөлүмүнө өткөрүлүп турат.